**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүү тууралуу сунуштамасы боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2023-жылдын 2-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Маамыталы кызы Камиланын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44- беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун, 2-бөлүгүн жетекчиликке алып,

## Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна (мындан ары – Конституциялык сот) 2023-жылдын 17-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун (мындан ары – депутаттык тобу) «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна (мындан ары – Мыйзамдын долбоору) корутунду берүү жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамада баяндалгандай, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышынын 61 депутатынын демилгеси менен мыйзамдын долбоору иштелип чыккан. Аталган мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Жогорку Кеңешинин расмий сайтында 2022-жылдын 20-октябрында коомдук талкуулоо үчүн жайгаштырылган. Мыйзамдын долбоорун кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 116-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине референдум дайындоо тууралуу сунуш киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пунктун жетекчиликке алып, депутаттык тобу Мыйзамдын долбооруна Конституциялык сот тарабынан корутунду берүүнү суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 4-майындагы аныктамасы менен депутаттык тобунун сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынган.

Сунуштаманы Конституциялык соттун отурумунда кароого даярдоонун жүрүшүндө, 2023-жылдын 2-ноябрында аталган сунуштаманы чакыртып алуу өтүнүчү “Элдик” депутаттык тобунун жетекчиси А.Түмөнбаевден келип түшкөн.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 34-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык кайрылуучу тарап өзүнүн койгон талаптарынан баш тартууга укуктуу. Ал эми аталган конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй, арыз ээси Конституциялык сот тарабынан маңызы боюнча чечим кабыл алынганга чейин өзүнүн талаптарынан баш тартса, иш боюнча соттук өндүрүш кыскартылат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-

бөлүгүнүн 1-пунктун жана 2-бөлүгүн, 48, 49, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүү тууралуу сунуштамасы боюнча өндүрүш кыскартылсын.

2. Ушул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**